**№ 87 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы Бирлик уюмунун чогулушунун протоколу**

Жалпы коллективдин саны: 92 12.05.2022.

Катышты: 87

**Бирлик уюмунун торайымы Казакова Нургуль Омурбековнанын сүйлөгөн сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер! №87 жалпы билим берүү орто мектеби бирлик уюмуна мүчө болуп келет. Ар бир кызматкердери эмгек акысынан ай сайын бирлик уюмуна мүчөлүк акы кармалат. Ал каражат майрамдарга жана эс алууга жолдомолорго жумшалат. Бирок ошол эле учурда мугалимдер жамаатынын арасынан эмгегинен өзгөчөлөнгөн мугалимдер жайкы эс алууга жолдомо алышат. Эмгегинен артыкчылык көрсөтүп, эс алууга жолдомо алуу төмөнкү учурларда берилет:

1. Окуучулары олимпиадаларда байгелүү орундарга ээ болсо;
2. "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын" кароо сынактарынын катышуучусу жана жеңүүчүлөрүнө;
3. Окуучуларды илимий-изилдөө долбоорлоруна катыштырып, жеңүүчү аталса;
4. Квалификациясын жогорулатуунун үстүнөн иш алып барып барса;
5. Окуу методикалык иштердин үстүнөн иштеп, кесиптештери менен бөлүшсө;
6. Райондук, шаардык, республикалык же эл аралык долбоорлор менен иш алып барса;

Арабызда бул окуу жылында ийгиликтерге жетишкен мугалимдерди сыйлоого кандай карайсыздар!

**Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Апсалиева Бегайым Ташболотовнанын сүйлөгөн сөзү:** Урматтуу кесиптештер 2021-2022-окуу жылында биология мугалими Сыдыкова Жакуттун окуучу Суюнбеков Адилет райондук олимпиадада 2-орунга ээ болду, башталгыч класстардын мугалими Шадыманова Гүлмайрам "Бирге окуйлу" долбооруна катышып, алган тажрыйбасы менен кесиптештерибиздин арасында жайылтып келүүдө, музыка жана ийрим мугалими Калыкова Дилбар балдардын искусствого тартып, окуучуларды маданий конкурстарга жана КТРК каналы менен иш алып барып, окуучуларды телеге чыгарып келди.

**Чарба иштери боюнча директордун орун басары Бегалиева Каракаш Жумабековнанын сүйлөгөн сөзү:** Ошондой эле техникалык кызматкерлердин арасынан Чолпоналиева Жамилиянын эмгегин да баалап коелу. Көп жылдан берки талыкпаган эмгеги, коллективге жана окуучуларга кылган мамилесин эске алуу менен эс алууга жолдомо берүүнү туура көрдүм.

**Кыргыз тили жана адабияты мугалими Турунтаева Калбү Амировнанын сүйлөгөн сөзү. Саламатсыздарбы кесиптештер!** Туура жогорудагы кесиптештерибиздин ийгилиги өзүлөрүнүкү гана эмес, жалпы мектептин ийгилиги жана сыймыгы жолдомо берүү аркылуу эмгегинин баалынышын туура деп эсептейм.

**Чечим:** биология мугалими Сыдыкова Ж, башталгыч класстын мугалими Шадыманова Г, музыка мугалими Калыкова Д, ашпозчу Чолпоналиева Ж. жайкы эс алууга 5 күндүк жолдомо берилсин.

Бирлик уюмунун төрайымы: ПРОФКОМ Казакова Н.О.